Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышынын
кезектеги 24- отурумунун

# Т О К Т О М У

25.05. 2022-жыл №24/3 Кабылан-Көл айылы

Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагына сырттан келген малдардын санын тактоо жана бардык малдарды эмдөөдөн өткорүү ветеринардык кызмат көрсөтүүнүн абалы жөнүндө.

Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагына сырттан келген малдардын санын тактоо жана бардык малдарды эмдөөдөн өткорүү, калкка ветеринардык кызмат көрсөтүүнүн абалы жана малдын жугуштуу ооруларынын алдын алуу боюнча ветеринардын аткарган иштеринин абалы жөнүндө талкуулап Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин отуруму

## Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1. Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагына сырттан келген малдардын санын тактоо айыл башчыларга, жайыт комитетинин төрагасына милдеттендирилсин.
2. Кабылан-Көл айыл өкмөтүндө калкка ветеринардык кызмат көрсөтүүнүн абалы жана малдын жугуштуу ооруларынын алдын алуу боюнча ветеринардын ишинин аткарылып жаткандыгы белгиленсин.
3. Калкка ветеринардык кызмат көрсөтүүнүн абалы жана малдын жугуштуу ооруларынын алдын алуу боюнча убагында эмдөөлөрдү жүргүзүү, эл менен тыгыз байланышта иш алып баруу ветеринар Д. Ташполотовго милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы Г. Мадаевге, көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

Кабылан-Көл айылдык
Кеңешинин төрагасы: Ш.Акаев